

баары сен үчүн
- деп акылмандар айтат. Андыктан «Билим сапатын өркүндөтүү» жылында баарыныздарга окуудагы чоң жетишкендиктерди каалайм. Билим менен кошо улуттук таалим–тарбия, руханий маданият жана адамдыкка тарбиялоо Ошто, анын ичинде ОшМУда гана! Рахмат сага ОшМУ!

# ИЛИМПОЗ СТУДЕНТ

***Ош мамлекеттик университетине ар тараптуу таланттарга бай, көп кырдуу өнөргө тунган студенттердин учу кур эмес. Алардын катарында илим артынан сая кууп жүргөн, бир нече олимпиядаларда ийгиликке жеткен Ош МУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин 3-курсунун студенти Эгемжар Азизилла уулу менен курган маекти сунуштайбыз.***



**Эгемжар Азизилла уулу:**
***« КЕЛЕЧЕК КҮЗГҮМДӨН ӨЗҮМДҮ УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНАН КӨРГҮМ КЕЛЕТ»***

### ИЛИМГЕ КАРАЙ ИЗГИ ЖОЛ

Илим жолуна түшүүгө 1 – курсумда бел байладым. Гуманитардык илимге кызып калуума себепчи болуп, булактын көзүн ачып, тажрыйбасы менен бөлүшүп келген Айтибаева Жыларгүл эжекемдин эмгеги зор. Эжейимдин жардамы аркылуу илимге кызыгуум артып, биротоло байланып калдым.

Илимдин гуманитардык жаатына басым жасап жүрөм. Буга чейин маданият, адеп-ахлак жөнүндө «Маданият жандүйнөнүн бийиктиги, акыл менен ыймандын айкалышы» жана учурдун олуттуу көйгөйү болгон эне тил маселесине кайрылып «Кыргыз тилинин бүгүнкү абалы» - деген темада илимий макала жазганмын.

### ЖЕМИШТҮҮ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

Кудайдын буйругу менен бир нече ийгиликтер жылмайды. 2016 – жылы 1 – курсумда «Студент жана илимий техникалык прогресс» аттуу II аймактык конференцияда 1-орунду, кийинки жылы 2 – курсумда III аймактык конференцияда 2 – орунду, ошол эле жылы Жалал – Абад шаарында болуп өткөн экономика жана ишкердик факультетинде кыргыз тили олимпиядасында 2 – орунду багындырдым. Изденүүнүн, эмгектенүүнүн артында жүрүп 2018 – жылы жаз айында түштүк аймактык олимпиадада философия предмети боюнча 1 – орунга жетиштим.

Илимдин түбү терең, аскасы бийик. Чечилбеген сырдуу жактарын изилдеп, илимдин бүтпөс сапарына аттанып, буйруса өзүмдү келечек күзгүмдөн – Улуттук Илимдер Академиясынан көргүм келет.

Мени таптап, такшалтып, эртеңкинин даңгыр жолуна даярдап жаткан агай-эжекелериме, билим ордосу болгон Ош МУга терең ыраазычылык!

**Студент достор!**

Мезгилдин коңгуроосу тез – тез кагылып, убакыт зымырап турган учурда, студенттик алтын доорду текке кетирбей, илим жолуна кадам таштайлы! Бул жол –ак эмгектин, изденүүнүн, тарых жасоонун жолу!

**Мария Айтибек кызы**

2018-2019-окуу жыл ОшМУда "Билим сапатын көтөрүү" жылы

Жаштык-бул жигер!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити

№09 (187) 2018-жыл, ноябрь • Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## СТУДЕНТТЕРДИН ЭЛ АРАЛЫК КҮНҮНДӨ ОШМУНУН МЫКТЫ СТУДЕНТТЕРИ СЫЙЛАНДЫ



Сапар алып келечекке күтүнөт,
Тыным албайт, мээнет кылат, иши көп.
Уйку деген «таттуу» менен достошпой,
Дайым алга жылуу үчүн күч үрөйт.
Е (э) ртеңкиге жаркыраган жол улап,
Нар көтөргүс акыл менен ой улап,



«АДАМЗАТТЫН АЙТМАТОВУ: ӨТМҮШ, УЧУР ЖАНА КЕЛЕЧЕК»
5-бетте

